*Джакшылык кызы Г. - Юридикалык колледждин ага окутуучусу*

**УДК 342:004.45**

# МАМЛЕКЕТТИН МААЛЫМАТ КООПСУЗДУГУНУН УКУКТУК КАМСЫЗДЫГЫНЫН АЙРЫМ АСПЕКТИЛЕРИ

***Аннотация:*** *Макалада мамлекеттик маалымат саясаты; мамлекеттик саясаттын ички жана тышкы милдеттуу багыттары жана маалыматтык коопсуздук - улуттук коопсуздук жаатында заманбап саясаттын маанилуу багыттарынын бири катары белгиленген.*

***Аннотация:*** *В статье рассмотрены важнейшие направления современной политики в сфере информационного права в рамках национальной безопасности, основные порблемы государственной политики в этом направлении.*

***Annotation:*** *The conclusion of the article is that the State Informaishion Polley is compulsory area of internal and foreign policy.*

***Негизги сөздөр:*** *Маалыматтык коопсуздук, улуттук коопсуздук, заманбап саясат.*

***Ключевые слова:*** *Информационная безопасность, национальная безопасность, современная политика.*

***Keywords:*** *Information security, national security, modern politics.*

Мамлекеттик деңгээлде маалыматтык коопсуздук - улуттук коопсуздук жаатында заманбап саясаттын маанилуу багыттарынын бири. Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасы мамлекеттин тиричилик аракетинин финансылык, илимий, өнөр жайлык, аскердик жана башка тутумдарынын жана чөйрөлөрунун уланып жаткан кризиси менен кучөтулгөн оор эл аралык жана ички саясаттык кырдаалда турат. Өлкөну реформалоодо карама-каршы тенденциялар, бул процесске тышкы факторлордун бир жактуу эмес таасир кылуусу заманбап өзгөрулуп жаткан дуйнөдө анын кызыкчылыктарын камсыздоо проблемасын олутту татаалдантат.

Маңызы боюнча, Кыргыз Республикасында кайра тузуу процессинин бардык татаалдыгы мындайча айтканда улуттук коопсуздукту камсыздоонун комплекстуу милдетинде, бир эле убакта реформалоонун шарты дагы, максаты дагы болуп фокусталат. Улуттук коопсуздуктун конкреттуу коркунучунун келип чыгышын четтетуу же алдын-алуу учун ар кандай коргоо чараларын жана коопсуздукту камсыз кылууга таянууга туура келет, аларда бул коркунучтун алдын-алуу, каршы курөшуу же нейтралдаштыруу боюнча чаралардын комплекси тушунулөт»[ 1 ].

Акыркы он жылдыктардын окуялары даярдалган саясий чечимдерди ишке ашыруу учун коомдук пикирди даярдоо учун маанилуу шайман болуп маалыматык таасир көрсөтуу болуп калгандыгын көрсөтуп турат. Эң айкын мисал болуп Босния жана Герцеговинадагы кырдаал, Ирандагы согуш, Россияда жана Грузияда аскердик кагылышуулар, Сирияны чет өлкөлук оккупациялоо, ошондой эле Украинадагы заманбап кырдаал саналат. Мындай маалыматтык операциялар маалыматтык согуштардын тушунугун алып журуп калды.

Салттуу турдө маалыматтык согуш деп маалыматтык технологияларды колдонуу менен аскердик кучту колдонбостон чыр-чатактарды жургузуу ыкмасы катары согуштун турун, маалыматтык тутумдарга, процесстерге жана ресурстарга, өтө баалуу жана башка тузумдөргө зыян келтируу максатында маалыматтык мейкиндикте каршы туруу, саясий, экономикалык жана социалдык тутумдарды бузуу, коомду жана мамлекетти туруксуздаштыруу учун калкты массалык психологиялык иштетуу, ошондой эле башка тараптын кызыкчылыктарында чечимдерди кабыл алууга карата мамлекетти мажбурлоо деп тушунуу кабыл алынган.

Мамлекеттик чек аралардын маалыматтык ачыктыгы менен камсыз болуучу глобалдаштыруу процесстери улуттук жана тийиштуу турдө мамлекеттик коопсуздук жаатында олутту проблемаларды тузөт. Маалыматтык коопсуздукту камсыз кылууга

жалпы дуйнөлук маалыматтык коомчулуктун бат өнугуусу, маалыматты трансчекаралык алмашуу көлөмунун көбөйушу, дуйнөлук экономиканын интеграцияланышы жана мамлекеттик башкаруунун маалыматташтыруу деңгээлинин жогорулашы сыяктуу факторлор олутту таасир тийгизет. Мындан тышкары, маалыматтык революция Интернеттин, электрондук почтанын жана эл аралык ЖМКлардын (CNN, Reuters, ОРТ) таасирин кучөтуу аркылуу идеологиялык-маданий мейкиндикте олуттуу өзгөруулөргө алып келиши мумкун. Заманбап маалыматтык технологиялар мамлекеттик чек араларды өчуруп жана мамлекеттик саясатка кийлигишуугө жардам берет.

Кыргызстандын маалыматтык коопсуздугуна коркунучтарды издөө, баалоо жана болжолдоо атайын ыйгарым укук берилген мамлекеттик органдардын, тактап айтканда Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин (УКМК) ишинин эң бир маанилуу багыттарынын бири болуп саналат. «Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдары жөнундө» КР Мыйзамын талдоо УКМКнын маалыматтык чөйрөдө өлкөнун улуттук коопсуздугун камсыздоо кызыкчылыктарында төмөндөгу милдеттерин камтып көрсөтөт:

- чалгындоо жана контрчалгындоо иши, экстремисттик ишке каршы аракеттенуу; чет өлкөлук мамлекеттер жана уюмдардын атайын кызматтарынын чалгындоо-жаруучу иши менен, терроризм, коррупция, контрабанда жана бацгилик бизнес менен курөшөт; укукка каршы кол салуулардан Кыргыз Республикасынын конституциялык тузумун, суверинитетин жана аймактык бутундугун сактоодо катышат;
- мамлекеттик жашыруун сырларды коргоо тутумун уюштурушат, бекитилген тартипте чечимге ылайык айрым адамдарга маалыматты компетенттуу органдардын суроо-талаптары боюнча беришет, маалыматтык коопсуздукту камсыздоодо катышат;
- илимий-изилдөө уюмдары менен биргеликте улуттук коопсуздук кызыкчылыктарына байланыштуу коомдук процесстердин жана проблемалардын өнугуусун изилдөө жана болжолдоону жургузушөт; чалгындоо жана контрчалгындоо муктаждыктарын канаатандыруу максатында маалыматтык-аналитикалык ишти алып барышат; автоматташтырылган маалыматтык-аналитикалык тутумдарды иштеп чыгууну, өндурууну жана эксплуатациялоону ишке ашырышат;
- байланыштын атайын турлөрун (өкмөттук, шифрделген, жашыруун), ошондой эле шифрдик жана дешифрдик ишти эксплутациялайт жана сакталышын камсыздайт; улуттук коопсуздукту камсыздоо максаттарында атайын техниканы иштеп чыгууда жана тузуудө катышат.
- улуттук коопсуздук кызыкчылыктарына байланыштуу маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарын узгултуксуз маалымдашат [ 2 ].

Маалыматтык чөйрөдө коркунучтардын негизги турлөрун жана коргоо объектилерин карап чыгалы.

Биздин ой-пикирден алганда КР маалыматтык коопсуздук объектилерине төмөндөгулөр таандык кылынууга тийиш:

- ачык, ошондой эле чектелген мумкундук алуу менен маалыматтык ресурстар, ошондой эле аларды калыптандыруу, жайылтуу жана колдонуу тутумдары;
- маалыматты алууга, жайылтууга жана колдонууга жарандардын, юридикалык жактардын жана мамлекеттин укуктары, жашыруун маалыматты жана интеллектуалдык мулкту коргоо;
- маалыматты кайра иштетуу жана талдоо борборлорун, маалыматтык алмашуу жана телекоммуникация каналдарын, телекоммуникациялык тутумдар жана тармактардын иштешин камсыз кылган механизмдер, анын ичинде маалыматты коргоо тутумдары жана каражаттарын кошкондо маалыматтык инфраструктура;
- пропаганданын жалпыга маалымдоо кара-жаттарында негизделген коомдук аң-сезимди калыптандыруу тутуму (дуйнө таануу, саясий көз караштар, моралдык баалуулуктар ж.б.).

Саналган объекттердин коопсуздугу мамлекеттик жана коомдук институттардын, жана коомдук аң-сезимдин ишенимдуу иштешинине шарттарды тузөт.

Маалыматтык коопсуздуктун абалынын жана келечегинин эң чоң сурөтун маалыматтык чөйрөдө коркунучтарды талдоо берет. Классикалык турдө мындай

коркунучтар улуттук коопсуздуктун башка чөйрөлөрүнө коркунучтар сыяктуу ички жана тышкы деп бөлүү кабыл алынган.

Тышкы коркунучтарга төмөндөгүлөр таандык кылынат: чет өлкөлүк чалгындоо жана атайын кызматтардын иши, глобалдуу маалыматтык мониторинг, терс маалыматты жайылтуу жана жацы маалыматтык технологиялар жаатында чет өлкөлүк мамлекеттердин жана эл аралык коомчулуктардын достуктук эмес саясаты; Кыргызстандын кызыкчылыктарына каршы багытталган чет өлкөлүк саясий жана экономикалык түзүмдөрүнүн иши. Мында ички коркунучтар болуп төмөнкүлөр саналат: маалыматтык чөйрөдө жарандардын жана уюмдардын мыйзамдык укуктарын бузууга алып келген мамлекеттик түзүмдөрдүн укукка каршы аракеттери; маалыматты калыптандыруу, жайылтуу жана колдонуу жаатында саясий жана экономикалык түзүмдөрдүн мыйзамга кар-шы иши; маалыматты жыйноо, иштетүү жана берүүнүн белгиленген регламенттерин атайылап же атайын эмес бузуу; маалыматтык тутум персоналынын каталары; маалыматтык жана телекоммуникациялык тутумдарда программалык камсыздоонун иштешинин бузулушу жана башка техникалык кемчиликтер.

Маалыматтык чейреде абалды талдоо глобалдык конкуренциянын аракеттүү механизми катары маалыматтык басымды пайдалануу тенденциясы күчөп жаткандыгын белгилөөгө негиз берет. Маалымат олуттуу социалдык, экономикалык жана саясий чыр-чатактарды чечүүнүн шайманы болуп калууда. Дүйнөнүн алдыцкы өлкөлөрү саясий, экономикалык, аскердик, экологиялык жана башка мамлекеттер аралык мамилелердин аспектилеринде бир тараптуу артыкчылыктарды алуу үчүн маалыматтык куралды активдүү пайдаланууда.

Маалыматтык курал өзүнүн идеологиясын пропагандалоо, вербовкалоо жана бир ой-пикирлердегилерди окутуу, ар кандай террористтик топтор менен байланышты кармоо жана каржылоо үчүн экстремисттик жана террористтик уюмдар тарабынан активдүү колдонулуп келүүө. Бул жана башка кептегендерду кибер кылмыш деген аталышты алган маалыматтык кылмыш деп трактовкалооого болот, жана ал олуттуу жогору латенттуулук менен мүнөздөлөт. "Дүйнөнүн баарында өсүп жаткан коркунуч болуп киберкоркунуч болууда. Акыркы мезгилде айрым бир елкелерде ички саясий кырдаалды туруксуздаштырууну социалдык тармактарды максатка ылайыктуу колдонуу менен байланыштырууда. Дүйнөлүк статистика киберкылмыштуулуктун өсүшүн, акчалай каражаттарга, электрондук маалыматты ташып жүрүүчүлөрдө жашыруун маалыматтарга санкцияланбаган жеткиликтүүлүктүн учурларынын санынын көбөйүшүн белгилейт. Эндүрүштүк процесстерди башкаруу үчүн маалыматтык тутумдарды пайдалануу бул процесстерди тышкы таасир көрсөтүүдөн аялуу кылат. Маалыматтык коопсуздукту камсыздоо милдеттерин чечүү акценттелген мамлекеттик саясатты, эң жогорку квалификациядагы адистердин болушун, маалыматтык тутумдарга санкцияланбаган кирүүдөн коргоо каражаттарын орнотууну талап кылат ".

Компьютердик техниканы жана эц жацы маалыматтык технологияларды пайдалануу менен кылмыштуулуктун маанилүү объектиси болуп мамлекеттик жашыруун сырлар саналат. 1994-жылдын 14-апрелиндеги N 1476-XII «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жашыруун сырларын коргоо жөнүндө» КР Мыйзамы мамлекеттик сыр деп «Мамлекеттин контролдугу алдында жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын негизинде жана аны аткарууга алып иштелип чыккан атайын тизмелер жана эрежелер менен чектелген, Кыргыз Республикасынын коргоо жөндөмдүгүн, коопсуздугун, экономикалык жана саясий кызыкчылыктарына байланыштуу маалыматты ташуу-чулардын бардык түрлөрү менен сакталган жана жайылтылуучу маалымат» деп түшүнөт [ 3]. Мыйзам мамлекеттик сырларды уч категорияга ажыратат: мамлекеттик, аскердик жана кызматтык сырлар, бул аларды коргоонун режимин, ошондой эле аларга адамдардын белгилүү бир категорияларына жеткиликтүүлүгүн аныктайт.

Мамлекеттин маалыматтык коопсуздук чөйрөсүнде кийинки проблема болуп калктын коомдук аң-сезимине - Кыргызстандын жарандарына маалыматтык таасирдин реалдуу коркунучу саналат. Улуттук маалыматтык мейкиндиктин ачыктыгы, чет өлкөлүк жалпыны маалымдоо каражаттарынын популярдуулугу, ата-мекендик контенттин атаандаштыкка каршы боло албагандыгы, а.и. телекөрсөтүү жана интернет-ресурстар

(почталык кызматтар, социалдык тармактар, блогдор жана видеопорталдар) Кыргызстандын калкынын коомдук аң-сезими менен манипуляциялоо жөнүндө айтууга шарт түзөт.

Маалыматтык таасир көрсөтүү өлкөнүн улуттук кызыкчылыктарына карама-каршы келген идеяларды түздөн-түз таңулоо түрүндө, ошондой эле маалыматты манипуляциялоо же аны тенденциоздук комментарийлөө жолу менен колдонууга алынган белгилүү бир маалыматтык фонду түзүү түрүндө билдирилиши мүмкүн.Мындайга карата каршы аракеттенүү үчүн мамлекеттик маалыматтык саясаттын натыйжалуулугун олуттуу жакшыртуу, мамлекеттик органдардын ачыктыгын көбөйтүү, жарандардын маалыматка укугунун камсыздалышын жогорулатуу талап кылынат. Кайрадан бирдиктүү мамлекеттик маалыматтык саясатты иштеп чыгуу зарылдыгы жөнүндө маселе көтөрүлөт.

2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Респу-бликасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы менен Кыргыз Республикасында көз карандысыз жалпыга маалымдоо каражаттарынын иши үчүн жетиштүү шарттар түзүлгөндүгү аныкталган. Ошону менен бирге, документте «жарандардын маалыматка жеткиликтүүлүк конституциялык укугун камсыздоого, өлкөнүн со-циалдык-экономикалык, саясий жана маданий өнүгүү милдеттерин чечүү жана анын коопсуздугун камсыздоо базасы катары өлкөнүн бирдиктүү маалыматтык-телекоммуникациялык мейкиндигин калыптандырууну камсыздоого багытталган мамлекеттин саясий, укуктук, экономикалык, социалдык-маданий жана уюштуруу иш чараларынын комплексин» караган натыйжалуу мамлекеттик маалыматтык саясатты калыптандыруунун зарылдыгы белгиленген» [ 4].

Бул долбоорлорду талдоо алардын бардыгында түздөн-түз катышууну ар кандай эл аралык коомдук жана чет өлкөлүк уюмдар көтөрүп жаткандыгын көрсөтүп турат. Байланыш каналдары бул уюмдар жана донорлор тарабынан азыркы мезгилде гана эмес, алдыда узак убакытка (алар тарабынан бекитилген коммуникация тутуму иштегенге чейин) контролдонушу мүмкүн. Бир жагынан Кыргызстандын өкмөтү тараптан мындай ыкма толугу менен түшүнүктүү, ички келишпестиктер жана ички чыр-чатактарды чечүү, курч турган социалдык проблемалар жана көптөгөн башкалар маалыматташтыруу жана коопсуздуктан көңүлдү буруп кетти.

Мындан тышкары, маалыматтык мыйзамдардын абалынын аналитикасы КР өкмөтүнүн күч түзүмдөрү маалыматтык коопсуздукту күчөтүү ой-пикиринен алганда бийлик органдарына өзгөчө басым керсетпей, бирок бул багытта айрым бир кадамдарды кабыл алгандыгын керсетуп тургандыгына кецул буруу керек. Атап айтканда, россиялык сайттарды ечүрүү жана КР Транспорт жана байланыш министрлигине караштуу өзүнчө компьютердик жана телефондук мамлекеттик тармакты түзүү менен байланыштуу сунуштар киргизилген.

Тийиштүү түрдө, маалыматтын ар кандай категорияларын, маалыматтык ресурстарды, маалыматтык продуктуларды, маалыматтык кызматтарды издөө, алуу жана керектөөдө жана биринчи кезекте маалыматты коргоодо келип чыккан маалыматтык укуктук мамилелерди жөнгө салуучу заманбап укуктук механизмдер жетиштүү түрдө иштелип чыкпагандыгын констатациялоо керек. Маалыматтык кылмыштарга каршы ааркеттенүүнү укуктук камсыздоонун заманбап абалы колдонулуп жаткан укуктук механизмдердин жетишсиз макулдашылгандыгы менен мүнөздөлөт.

Атап айтканда, санкцияланбаган мүмкүндүк жана көчүрмө кылуудан маалыматты коргоонун техникалык каражаттары начар пайдаланылат. Маалыматтын агып кетүүсүнө каршы аракеттенүүчү коопсуздук саясаты жана уюштуруу-техникалык чаралар ишке ашырылбайт, бул ач көздүк максаттарда ыйгарым укуктар менен кыянаттык менен пайдаланууга алып келет. Маанилүү маалыматты жоготууларга маалыматтарды коргоонун тутумунун жоктугу жана жалпы мамлекеттик масштабда маалыматты коргоо боюнча чаралардын начар координациясы, маалыматтын бүтүндүгүн жана жашырындуулугун камсыздоодо ведомстволук бүтүн эместиги шарт түзөт.

Белгилүү бир коркунучтуу маданияттын жалпы укуктук жана маалыматтык салыштырмалуу төмөн деңгээли, а.и. кыргыз коомдо кибер мейкиндикти коопсуз колдонуунун көндүмүнүн жоктугун көрсөтөт.

Улуттук кызыкчылыктарды сактап калуу зарылдыгы төмөндөгү багыттарда мамлекеттик органдардын активдуулугун жогорулатууну талап кылат:

1) маалыматтык коопсуздукту камсыздоо тутумунун кемчиликтери;

2) өлкөнун улуттук кызыкчылыктарына зыян келтириши мумкун болгон маалыматтык технологиялардан, автоматташтыруу каражаттарынан жана маалыматты коргоодон Кыргыз Республикасынын көз карандылыгы;

3) маалыматты манипуляциялоо технологияларын өнуктуруу жана аларды чет олкөлук мамлекеттердин жана эл аралык уюмдардын активдуу пайдаланышы;

4) өлкөнун улуттук кызыкчылыктарына зыян келтирген Кыргызстандын элинин жана мамлекеттик институтттардын аң-сезимине деструктивдуу маалыматтык таасир көрсөтуунун мумкундугу;

5) өлкөнун улуттук маалыматтык мейкиндигинин тышкы таасирден ачыктыгы жана аялуулугу;

6) улуттук маалыматтык мейкиндиктин начар корголушу жана атаандаштыкка каршылыктын төмөн болушу;

7) маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу менен кибер кылмыштуулуктун, анын ичинде трансулуттук, ошондой эле экстремисттик жана террористтик иштин өсушу;

8) мамлекеттик жашыруун сырлар менен иштөөдө жашыруундуулук режимдерин бузуу, ошондой эле атайын жасалган аракеттер жана атайылап жасалбаган каталар;

9) маалыматтык чөйрөну укуктук жөнгө салуу тутумунун жетишсиз өнугуусу.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТЫН ТИЗМЕСИ:

1.Саясий илимдеринин кандидатынын илимий даражасын жактоонун автореферати. А.Т. Токомбаева Б. , 2010 б. 25 « Кыргыз Республикасындагы өзгөчө кырдаал боюнча коопсуздук системасын өркундөтуу маселеси».

2.Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук кызматтык органдары жөнундө мыйзамы 1994 жылдын 11- январы № 1362- XII

3.Кыргыз Республикаынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнундө мыйзамы 1994 жылдын 14-апрели №1476-XII

4. Кыргыз Республикаынын 2013-2017- жылдар аралыгындагы туруктуу өнугуу стратегиясы.